| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XII кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 25-февралы №183 — Кара-Коо айылы

**2026-жылы өткөрүлө турган айыл чарба каттоосуна даярдык көрүү максатында 100 000 (жүз миң) сом акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-октябрындагы №701 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2026-жылдын 29-январындагы №01-24-587 катына ылайык, Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнанын кайрылуусунун негизинде, 2026-жылы өткөрүлө турган айыл чарба каттоосуна даярдык көрүү максатында 100 000 (жүз миң) сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берүү боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. 2026-жылы өткөрүлө турган айыл чарба каттоосуна даярдык көрүү максатында 100 000 (жүз миң) сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнага милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** — **А.А. Мамбетов**